***Казакбаев М.К. -*** *КМЮА, ага окутучусу*

**342.56+347.9](575.2)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУДЬЯЛАРЫНЫН КОЛ ТИЙБЕСТИГИ

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын судьяларынын укуктук иммунитети, судьялардын көз карандысыздык жана кол тийбестик принциптери, Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу баяндалат.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается правовой иммунитет судей Кыргызской Республики, принцип неприкосновенности и независимости, а также статус судей Кыргызской Республики.*

***Annotation:*** *This article deals with the legal judge* s *immunity of the Kyrgyz Republic, the principles of the immunity and independence as well as the judge's status of the Kyrgyz Republic*

***Негизги свздвр:*** *Кыргыз Республикасынын судьялары, укуктук иммунитет, көз карандысыздык принциби, кол тийбестик принциби, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, өз алдынчалыктуу сот бийлиги, судьялардын статусу.*

***Ключевые слова:*** *Судьи Кыргызской Республики, правовой иммунитет, принцип независимости, принцип неприкосновенности, Конституция Кыргызской Республики, самостоятельная судебная власть, статус судей.*

***Keywords:*** *Judge of the Kyrgyz Republic, legal immunity, independence principles, immunity principles, the Constitution of the Kyrgyz Republic, autonomous judicial power, judge's status*

Элдик бийликтин, эгемендуулуктун, бийликтерди бөлуштуруунун жалпы таанылган принциптерине негизделген демократиялык укуктук мамлекетти калыптандыруу милдети мамлекеттик механизмде мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтерден көз карандысыз, өзунун компетенциясын жузөгө ашыруучу өз алдынчалыктуу жана таасирдуу куч катары милдеттуу турдө сот бийлигин бекемдөөну талаптайт.

Байыркы мезгилдерде жаралган, сот адилеттигинин көз карандысыз жана калыс сот тарабынан жузөгө ашыруу идеясы кандай болбосун демократиялык мамлекет учун көйгөйлуу маселердин бири болуп саналат. Юрисдикция мамлекеттин буткул жашоо тарыхынын бардык мезгилдеринде сот бийлик бутагынын көз карандысыздыгын жана өз алдынчалыгын камсыз кылуунун ар турдуу, кээде кыйла өзгөчөлуктуу ыкмаларын сунуш кылып келген. Бийлик органдарынын системасынан кандайдыр бир атайын органга эмес, белгилуу убакта гана сот адилеттигин ишке ашырууга тартылуучу, эл ичинен шайлануучу адамдарга берилиши мумкун болгон сот бийлигин бөлгөн учурда Ш. Л. Монтескье да мына ушул максатты көздөгөн деп ойлойбуз. «Ошентип, - деп жазган ал, - адамдар учун ушунчалык коркунучтуу сот бийлиги, белгилуу кесип менен да, белгилуу абал менен да байланышпайт: ал... көрунбөс жана кандайдыр-бир жок сыяктуудай болуп калат» [1, 38-б.].

Ондогон жана ал турмак жуздөгөн жылдардын тажырыйбасы айтып тургандай, сот кабыл алган чечимдери конкреттуу иштерди териштируунун жыйынтыктарына тигиндейче же мындайча кызыкдар болгон башка мамлекеттик органдардын, ар кыл деңгээлдердеги кызмат адамдарынын жана жөнөкөй жарандардын көз салуусунда турган мамлекеттик мекемелердин катарына кирет. Сотторго таасир этуу учун пайдаланылуучу кеп жылдык иш тажырыйбада иштелип чыгылган ыкмалардын жана усулдардын көп турдуулугу да мына ушундан. Биздин кундөрге чейин мындай ыкмаларга жана усулдарга: убадалардан тартып сатып алууларга, коркутуп-уркутуулөрдөн тартып судьяларды жок кылууга чейинкилер кирет. Убакыт өткөн сайын бул ыкмалар жана усулдар бир кыйла айла-амалдуу болуп бара жатат.

Судьянын кол тийбестиги өзунун мазмуну жана көлөму боюнча кыйла кеңири тушунук жана өзунө анын ичинде, инсандын кол тийбестигин дагы камтыйт. Судья кызматында турган мезгилде өзундө инсандын кол тийбестигинин бардык кепилдиктерин сактап турат.

Инсандын кол тийбестигине судья, кандай болбосун жаран сыяктуу эле туулган учурунан тартып ээ болот, ал эми судьялык кол тийбестикке ал судьянын кызматына киришкенден тартып эгедер болот. Судьялык кол тийбестикти өзунун ыйгарым укуктарын токтоткондон тартып жоготот, бирок өзундө жеке кол тийбестикти сактап калат, ал тигил же бул адамдын статусуна көз карандысыз болот.

Адамга судьялык кол тийбестиктин кепилдиктери, мыйзамда белгиленген тартипте, судьянын статусун алганда берилет, ошондуктан бул кепилдиктерден ажыратылышы мумкун. Судьянын статусу убактылуу болуп саналат. Жеке кол тийбестикти адам туулгандан тартып алат жана ал ажыратылбайт. Адамдын жеке кол тийбестик укугу мыйзамга ылайык чектелген болушу мумкун, бирок эч ким аны мындай укуктан ажырата албайт. Судьянын кол тийбестиги жана инсандын кол тийбестиги - бул эки башка институт. Судья, баарынан мурда, инсандын табигый кол тийбестик укугуна ээ, ошондуктан судьялык кол тийбестиктин атайын кепилдиктерине ээ кылынат. Судьянын кол тийбестигинин өзгөчө кепилдиктери анын инсан катарындагы кол тийбестигин толуктайт.

Судьянын кол тийбестик принциби, судьянын статусун тузуучу жана сот бийлигинин калыстыгын камсыз кылуу учун эбегейсиз зор мааниге ээ болгон, нормалардын бирдиктуу комплексинин ажырагыс бөлугу болуп саналган башка принцип менен - судьялардын көз карандысыздык принциби менен ажырагыс байланышта. Аталган принциптер судьянын статусун гана мунөздөбөстөн, ошондой эле сот адилеттигинин көз карандысыздыгын да камсыз кылат. Ошол эле убакта судьянын кол тийбестигин анын көз карандысыздыгынан ажырагыс карoo керек, анткени судьянын кол тийбестигинин кепилдиктеринин мазмуну жана көлөму анын көз карандысыздыгын камсыз кылуунун зарылдыгына бекем шайкеш келиши керек.

Судьялардын көз карандысыздык принциби көптөгөн мыйзам актыларында жарыяланат: Кыргыз Республикасынын Конституциясында (94-б.); «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтуу соттор жөнундө» (4-б.); «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнундө» (11-б); «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнундө»(11-б).

Сот адилеттигинин бул принцибинин мааниси, мыйзамда жана мыйзамда гана жазылган бекем негизде, башкалардын кийлигишуусуз, кандайдыр бир басым жасоосуз же башка таасир этуусуз, соттун жоoптуу чечимди кабыл алгыдай шарттарды камсыз кылууга карата болгон умтулууда турат.

Ушуга байланыштуу судьялардын көз карандысыздыгынын кепилдиктерин иштеп чыгууга жана киргизуугө олуттуу көнул бурулууда. Бул багыттагы аракеттер көптөн бери журуудө. Кыйла көрунөрлук кадам 2008-жылдын 9-июлунда «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнундө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынганда жасалган болчу. Бул Мыйзамдын 11-беренесинде, алып айтканда, судьялардын көз карандысыздыгы мына булар менен камсыз кылынары белгиленген:

1) сот адилеттигин мыйзам менен каралган тартипте гана жузөгө ашыруу;
2) жоопкерчилик ким тарабынан болбосун соттун ишине коркутуу аркылуу кийлигишууге тыюу салуу;
3) судьянын алмашылбастыгы;
4) судьянын кол тийбестиги;
5) судьяны, анын жогорку статусуна ылайык мамлекеттин эсебинен материалдык жана социалдык жактан милдеттуу турдө камсыз кылуу;
6) соттук өз алдынча башкаруу органдарынын иштеши;
7) отставкага чыгуу укугу.

Судьялардын Конституцияда жана ушул Мыйзамда каралган көз карандысыздыгынын кепилдиктери эч кандай жагдайларда жоюулушу же болбосо төмөндөтулушу мумкун эмес.

Ушул Мыйзамдын 34-беренесине ылайык, судьяларды мамлекеттик коргоо алардын кызматтык ишине байланыштуу өмурунө, ден соолугуна жана мулкунө кол салуу коркунучу болгондо камсыз кылынат жана төмөнку чаралар менен жузөгө ашырылат:

1) жеке кайтаруу, турак жайын жана мулкун кайтаруу;

2) курал, жекече коргонуунун атайын каражаттарын беруу жана коркунуч жөнундө кабарлоо;

3) коопсуз жерге убактылуу жайгаштыруу;

4) коргоого алынган судья жөнундө маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу;

5) башка сотко которуу (ротациялоо), иштеген (кызмат кылган) жерин өзгөртуу жөнундө сунуш кылуу;

6) башка жерге жашоо учун көчуруу.

Зарыл болгон учурда көрсөтулгөн коопсуздук чаралары судьялардын жакын туугандарына карата да колдонулушу мумкун. Көрулуп жаткан коопсуздук чаралары коргоого алынган адамдардын турак жайлык, эмгектик, пенсиялык жана башка укуктарын кысымга албоого тийиш. Коопсуздук чараларын колдонуу шарттары жана тартиби өкмөт тарабынан белгиленет.

Эгерде судьядан тиешелуу арыз тушсө, ички иштер органдары судьянын, анын уй-булө мучөлөрунун коопсуздугун, аларга таандык болгон мулктун сакталышын камсыз кылууга карата зарыл болгон чараларды көрууге милдеттуу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы судьялардын кол тийбестигинин кепилдиктерин негизделбеген жазык жоопкерчилигине тартуудан өзгөчө бөлуп карайт. Судьяны жазык жоопкерчилигине мыйзам менен аныкталган тартипте гана тартууга болот.

Судья бул кызматка Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан четки жаш куракка чейин гана дайындалышы мумкун. Ага карата мамиле өзгөчө болушу керек. Ага каршы жазык ишин Башкы прокурордун демилгеси боюнча гана, жана ал тарабынан ыйгарым укук берилген, облустардын, Бишкек жана Ош шаарларынын прокурорлорунун статусунан төмөн эмес прокурорлор тарабынан козголушу мумкун.

Судьяны жазык жоопкерчилигине тартуу жөнундө чечим (айыпталуучу катары тартуу жөнундө токтом чыгаруу) Судьялар кеңешинин макулдугу менен, Башкы прокурор тарабынан кабыл алынат.

Судьяны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук алуу учун Башкы прокурор Судьялар кеңешине тиешелуу сунуштама киргизет, анда жазык ишинин жагдайлары, жазык мыйзамынын судья айыпталып жаткан беренеси, жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук беруу жөнундө өтуnуч (айыпталуучу катары тартууга) көрсөтулөт.

Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын, жергиликтуу соттордун судьяларын, сот тартибинде салынуучу административдик жоопкерчиликке тартуу жөнундө макулдук беруу Башкы прокурордун сунуштамасы боюнча, Судьялар кеңеши тарабынан кабыл алынат.

Бугун көз карандысыз жана өз алдынчалыктуу сот бийлиги - кандай болбосун демократиялык мамлекеттин айныксыз атрибуту. Ошол эле убакта, судьялардын көз карандысыздык идеясы, алардын алмашылгыстыгы жана кол тийбестиги коомчулук жана жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан көпчулук убактарда адекваттуу эмес кабылданат: укуктук статустун көрсөтулгөн белгилери демейки аң-сезимде аз эмес учурларда, конкреттуу адамдардын жашоо-турмушунун сапатын жана шарттарын олуттуу жакшыртууга багытталган жеке артыкчылык катары каралат. Ошол эле убакта, чыныгы сот адилеттигин камсыз кылыш учун судьяларга кандай гана болбосун таасир этууну болтурбоодо турган судьялык көз карандысыздыктын жана анын алмашылгыстыгы менен кол тийбестиктигин камсыз кылуучу маани-маңызы эске алынбайт.

Судьялардын укуктук иммунитети мамлекеттердин көпчулугундө бекемделген. Ошол эле убакта, Д. Н. Козак белгилегендей, мамлекеттик бийликтин башка алып журуучулөрундө болгонуна караганда, мындай иммунитеттин судьяларда болгону бир кыйла деңгээлде негиздуудөй көрунөт, анткени укук коргоо органдарынын өкулдөрунун, бийликтин башка өкулдөрунун, сот процессинин реалдуу жана мумкун болуучу катышуучуларынын судьяны кепке келтирууге, кез каранды кылууга умтулуулары табыгий көрунуш болуп саналат [2, 3-6-б.].

Судьянын милдеттерин аткаруунун мөөнөту канчалык жогору болсо, мамлекеттеги бийликтин башка бутактарынан анын көз карандысыздыгынын кепилдиктери ошончолук жогору экени айкын.

Белгилуу болгондой, Кыргызстандын эгемендуулугунун жыйырма жылдан бир аз ашыгыраак мезгили ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциясы бир нече ирээт кайра жазылды. Иш жузундө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ар бир өзгөруусу Кыргыз Республикасынын сотторуна тигил же бул деңгээлде өзунун таасирин тийгизип турду. Ошол эле убакта бир жагдай өзгөруусуз калып турду: азыркы кездеги колдонуудагынын кошуп алганда, ар бир кезектеги конституцияда бардык категориядагы судьялар, кол тийбестик укугуна ээ кылынып келди.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын судьялары дайыма өздөрунун ээлеген кызмат орундарында болуу мөөнөттөрунөн, ошондой эле алардын ыйгарым укуктарынын көлөмунөн кыркууга дуушар болуп келген мунөздуу багыт - тенденция акыркы, азыркы убакта колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Конституциясында өзунун логикалык аякталышын тапкан, анда кызматта туруу мөөнөту да, ошондой эле ыйгарым укуктарынын чөйрөсу дагы алардын иш жузундөгу минимумуна жеткирилген. Бул жагдай, маани-маңызында Кыргызстан өз эгемендуулугун алган учурдан тартып иш жузундө токтобой келе жаткан Кыргыз Республикасынын Президенти менен Жогорку Кеңештин ортосундагы, бийликтин аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бутактарынын ортосундагы каршы туруулардынын натыйжасы болгон. Мындай шарттарда сот бийлиги иш жузундө Кыргыз Республикасынын биринчи эки Президенти тарабынан өздөрунун кыянат максаттарын жузөгө ашыруунун куралына айлантып алышкан, бул албетте, бутундөй сот бийлигинин ишенимден кетишине өбөлгө болгон. Кыргызстанда судьялар кол тийбестик статусунан формалдуу айрылышкан эмес, бирок судьялардын ыйгарым укуктарынын көлөмунун олуттуу тарытылышы жана ээлеген постторунда болуу мөөнөттөрунун кыскартылышы Кыргызстандагы сот бийлигин кыйла өз алдынча эмес, жана бийликтин башка бутактарына бир топ көз каранды кылып койду. Буга байланыштуу бир жагдай эске тушет, кызматчылардын тигил же бул категориясына (ушул учурда судьяларга) иммунитетти, көз карандысыздык статусун беруу алар мыйзам бузган учурда аларды жоопкерчиликтен бошотуу максатын көздөбөйт, а алардын кыйла натыйжалуу иштеши учун шарттарды тузуу максатын көздөйт. Эгерде ыйгарым укуктардын жана милдеттердин чөйрөсу, ошондой эле ээлеген посто туруунун мөөнөту иш жузундө минимумуга тушурулсө, судьялардын иммунитети болгон маани-маңызын жоготот, анткени ыйгарым укуктардын, милдеттердин көлөмунун азайышы менен бирге, сөзсуз бардык жеткиликтуу каражаттар менен коргоолору тийиш болгон судьялардын реалдуу бийлиги жана укуктары дагы кыскарат. Судьялардын кызмат орундарында болуу мөөнөттөрун олуттуу кыскартуу аларды иш жузундө бийликтин башка бутактарына көз каранды абалга алып келип коёт.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Лебедев В.М. Судебная власть в современной России: проблемы становления и развития. — СПб.: Санкт-Петербургский государственный ун-т, 2001; Издательство «Лань», 2001. - 384 с.
2. Козак Д. Суд в современном мире: проблемы и перспективы // Российская юстиция. - 2001. - № 9.